| № | Академиялык дисциплиналардын аталышы | Окутуучу | Дисциплинаны изилдөөнүн максаты жана милдеттери | Алынган билим жана көндүмдөр | Калыптануучу компетенции |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | Турдубек к М.<br>Абдырахманова Н. | “Кыргыз тили жана адабияты” курсунун негизги максаты – студенттерди окуу жана кесиптик ишмердүүлүктө кыргыз (мамлекеттик) тилинде оозеки жана жазуу жүзүндөгү коммуникациянын ар кыл формаларын, түрлөрүн колдонууга жалпы маданий жана кесиптик даярдоо.<br>программага ылайык анын негизги милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:<br>ü Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин сүйүүгө жана урматтай билүүгө тарбиялоо;<br>ü өзүлөрүнүн ой – пикирлерин жазуу түрүндө мазмундуу кылып ырааттуулук менен жеткире билүүгө үйрөтүү;<br>ü студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. | Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар:<br>Циклдин базалык бөлүгүн окутуунун натыйжасында бүтүрүүчү (студент):<br>• Сабаттуу окуй алат: кыргыз тилинде жазылган адабияттарды, көркөм чыгармаларды, тексттерди;<br>• Санап берет: тыбыштардын бөлүнүшүн, сөз маанилеринин түрлөрүн, сөз түркүмдөрүн, синтаксистин материалдарын, окуган акын-жазуучу, драматургдардын чыгармаларын;<br>• Айтып берет: кыргыз тилиндеги басым, интонация, муундун түрлөрүн; омоним, синоним, антонимди; сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшүн, сөз айкашы жана сүйлөм, адабияттык темаларды;<br>• Жаза алат: берилген темалар боюнча жат жазууларды, чакан эссе, дилбаяндарды, эссени, рефераттарды; шартка жараша арыз, өмүр баян, билдирүүнү;<br>• Түзө алат: диалогдорду, полилогдорду, текстке, чыгармаларга карата ар түрдүү суроолорду;<br>• Таба алат: темага ылайыктуу тексттерден тилдик материалдарды;<br>• Пайдаланат: кырдаалга жараша кептик темаларды, ар түрдүү тексттерди; эне тилиндеги өзүнүн кесибине тиешелүү адабияттарды;<br>• Түшүндүрүп бере алат: мамлекеттик тилде окуган тексттердин, адабий чыгармалардын мазмунун, ага карата өзүнүн оюн. | ОК-1<br>Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо<br><br>ОК-2<br>Маселелерди чечет, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алат, демилгени жана жоопкерчиликти көрсөтөт.<br><br>ОК-3<br>Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу<br><br>ОК-4<br>Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик, кадрлар менен эффективдүү баарлаша билүү |